| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ<br><br>САДЫР АКЕ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

**Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышынын кезектеги 6-сессиясы**

# ТОКТОМ

**30 апрель 2022 жыл № 35** **Григорьевка а.**

**Муниципалдык кызматтардын кошумча тизмесин жана стандарттарын бекитүү жөнүндө**

Муниципалдык кызматтарды көрсөтүү боюнча маалыматтын ачыктыгын жана жалпыга жеткиликтүүлүгүн арттыруу, жарандарга жана юридикалык жактарга муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу максатында, «Жергиликтүү мамалекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР мыйзамынын, «Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР мыйзамынын, КР Өкмөтүнүн кызмат көрсөтүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларынын негизинде, ошондой эле Садыр аке айыл аймагынын жергиликтүү жамааттын Уставын жетекчиликке алуу менен айылдык кеңеш токтом кылат:

1. Муниципалдык кызматтардын кошумча тизмеси жана алардын стандарттары бекитилсин (№1 жана №2 тиркеме).
2. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Садыр аке айылдык Кеңешинин төрагасынынын орун басарына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.С.Чичканбаев**